Жакыпбекова Атыргул Талиповнанын "Сумсар-Шекафтар тоо-кен өнөр жай комплексинин калдыктарынын экологиялык абалын баалоо" деген темада 03.02.08-экология адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчинин

# ПИКИРИ

Жакыпбекова Атыргул Талиповна биринчи жолу Сумсар-Шекафтар тоо-кен өнөр жай комплексинин калдыктарынын экологиялык абалын, калдык сактагычтардан чыккан радиактивдүү булгануулар айлана-чөйрөгө, өсүмдүктөргө, ошол жерде жашаган калкка тийгизген таасирин, алардын коопсуздугун камсыз кылуу, реконструкциялоо боюнча сунуштар, аларды изилдөөдө бир нече ыкмаларды колдонуп экологиялык комплекстүү изилдөө маселелери коюлган. Бул максатка жетишүү үчүн калдык сактагычтардын экологияга тийгизген таасирин терең изилдөө мененошол регионлогу социалдык-экономикалык проблемаларды чечүүгө, радиациялык коопсуздукту азайтууга айлана-чөйрөнүн экологиялык абалына терең маани берүү каралган.

Темадагы экологиялык багыттын тандалышы, лабораториялык анализдерди түрдүү алдынкы методдорду колдонуу менен жана программалоо боюнча системалаштыруу, чечмелөө жана жалпылоо изденүүчү тарабынан жекече аткарылган. Сунушталган ой-пикирлер, көз караштар, изилдөөдөн алынган илимий корутунду, жыйынтыктар изилдөөчүнүн өзүнө таанычык. Талаа, лабораториялык, программалык изилдөөлөрдүн жүрүшүндө материалдарды жыйноодо Атыргул Талиповна өзүн мыкты физик-программист-эколог адис сапаттарын көрсөтө алды, ал алынган маалыматтарды иштеп чыгуу жана талдоо менен байланышкан бардык иштердин ийгилигин жана сапатын камсыз кылды.

Атыргул Талиповна ар кандай деңгээлдеги илимий конференцияларга катышып макалаларды талкууга коюуп жана өзүнүн илимий-басылмаларын даярдоого активдүү катышкан. Диссертациянын материалдарынын негизинде 25 тен ашык илимий эмгеги жарыкка чыккан алардын ичинен (2) макала рецензияланууучу илимий мезгилдүү басылмалардын тизмегине кирген илимий басылмаларда жана РИНЦ системалары аркылуу индекстелүүчү импакт-фактору 0,1ден кем эмес илимий басылмаларда жарыяланган.

Изденүүчү А.Т.Жакыпбекова "Сумсар-Шекафтар тоо-кен өнөр жай комплексинин калдыктарынын экологиялык абалын баалоо" аталышындагы диссертациялык изилдөөсү мамлекеттик тилде жазылган алгачкы эмгек десек болот жана кыргыз тилин өркүндөтүүгө салым кошо алат. Белгиленген максаттарга жетүүдөгү туруктуулук, алынган маалыматтарды статистикалык иштеп чыгууда жана андан кийинки талдоодо такай мамиле

кылуу ага кызыктуу, маанилүү жана өтө ишенмдүү илимий маалыматтарды алууга мүмкүндүк берди. Материалды мыкты өздөштүрүү менен Атыргүл Талиповна ата мекендик авторлордун гана эмес, чет элдик авторлордун да чоң көлөмдөгү басылмаларын пайдаланып өз ишине туура колдоно алды. Жалпысынан А.Т.Жакыпбекова диссертациялык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө коюлган бардык талаптарды ийгиликтүү аткарды.

А.Т.Жакыпбекова коллективде жогорку сапаттарга жана татыктуу урмат-сыйга ээ. Ал учурда ОшМУнун Математика информациалык технологиялар факультетинин колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасында улук окутуучу болуп эмгектенет.

Илимий жетекчи катары диссертант мыкты илимий эмгек жарата алды. Атыргүл Талиповнанынкандидаттык диссертациясы коюлуучу Кыргыз Республикасынын Президенттин алдындагы Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптарына толук жооп берет жана 03.02.08-экология адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн татыктуу деп эсептейм.

**Илимий жетекчи**:
биология илимдеринин доктору,
профессор, КР УИА академиги, Б.А.Токторалиев